KUMTOR
КУМТОР

centerraGOLD




# ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**2011-жылдын III кварталынын**

## 2011-ЖЫЛДЫН БАШТАЛЫШЫНАН БЕРИ **13 824 КГ АЛТЫН ӨНДҮРҮЛГӨН**

## ТОГУЗ АЙДА САЛЫКТАР ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ ТӨЛӨМДӨР **5 МИЛЛИАРД 377 МИЛЛИОН СОМ** СУММАДА ТӨЛӨНГӨН.

“Кумтөр” кен ишканасы Кыргыз Республикасында жайгашкан, Борбордук Азиядагы батыш компаниясы тарабынан башкарылуучу эң ири алтын кен ишканасы болуп саналат. 1997-жылдын майында өнөр жайлык өндүрүш башталгандан 2011-жылдын 30-сентябрына чейин “Кумтөрдө” 8,2 млн. унциядан ашуун же 256 тоннадай алтын өндүрүлгөн

«Кумтөр Оперейтинг Компани» «Кумтөр» долбоорунун оператору болуп саналат жана бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жоопкерчилик тартат.

Centerra Gold Inc. («Центерра») Борбордук Азияда, мурдагы Советтер Союзунда жана башка өнүгүп жаткан өлкөлөрдө алтын кендерин алуу, чалгындоо, кайра иштетүү жана эксплуатациялоо менен алектенген, өнүгүүгө багытталган алтын өндүрүүчү компания болуп саналат. “Центерра” түндүк америкалык алдыңкы алтын өндүрүүчү жана ири батыш компаниясы – Борбордук Азиядагы алтын өндүрүүчү болуп саналат. «Центерранын» акциялары Торонтодогу фондулук биржада (TSX) CG символу астында жүгүртүлөт. Компания Канаданын Торонто шаарында жайгашкан.

Кыргыз Республикасы, «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу «Центерранын» акцияларынын эң ири пакетинин - 77 401 766 акциясынын - 33%га жакынынын кармоочусу болуп саналат.

## 2011-ЖЫЛДЫН 24-НОЯБРЫНА КАРАТА КЫРГЫЗСТАНДЫН АКЦИЯЛАРЫНЫН ПАКЕТИНИН НАРКЫ **1 МЛРД. 523 МЛН. ДОЛЛАРДАН АШЫП КЕТТИ.**

*Кошумча маалымат SEDAR **www.sedar.com** сайтында жана “Центерра” менен “Кумтөр Оперейтинг Компани” корпоративдик сайттарында жеткиликтүү жайгаштырылган.*

**Кумтөр Оперейтинг Компани**
**Центерра Голд Инк.**

Кыргыз Республикасы
Бишкек, 720031, Ибраимов көч., 24
Тел.: (+996 312) 90 07 07, 90 08 08
Факс: (+996 312) 90 07 28, 59 15 26
**www.kumtor.kg**
**www.centerragold.com**

## «КУМТӨР» ДОЛБООРУ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | III квартал, 30-сентябрга карата | | | 9 ай, 30-сентябрга карата | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2011** | 2010 | Өзгөрүүлөр % менен | **2011** | 2010 | Өзгөрүүлөр % менен |
| Өндүрүлгөн алтын *(унция[1] менен)* | **141 217** | 68 757 | 105% | **444 460** | 339 369 | 31% |
| Өндүрүлгөн алтын *(кг менен)* | **4 392** | 2 139 | 105% | **13 824** | 10 556 | 31% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(унция менен)* | **146 765** | 66 490 | 121% | **457 597** | 358 461 | 28% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(кг менен)* | **4 565** | 2 068 | 121% | **14 233** | 11 149 | 28% |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **1 705** | 1 237 | 38% | **1 533** | 1 159 | 32% |
| Алтынды Кыргызалтынга»[2] сатуудан түшкөн жалпы каражат *(млн. АКШ доллары менен)*[3] | **250,3** | 82,2 | 205% | **701,4** | 415,3 | 69% |
| Жалпы өндүрүштүк чыгымдар (амортизацияны жана эскирүүнү эске алуу менен) *(млн. АКШ доллары менен)* | **120,0** | 73,2 | 64% | **281,0** | 212,6 | 32% |
| Дүң кирешеге салык + Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос *(млн. АКШ менен)* | **32,7** | 20,3 | 61% | **105,4** | 88,7 | 19% |
| Капиталдык чыгымдар *(млн. АКШ менен)* | **34,4** | 70,3 | (51%) | **152,3** | 133,2 | 14% |
| Геологиялык чалгындоолорго чыгымдар *(млн. АКШ менен)* | **3,5** | 3,3 | 6% | **10,7** | 7,8 | 37% |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү *(миң тонна)* | **38 702** | 30 714 | 26% | **113 480** | 86 905 | 31% |
| Казылып алынган руданын көлөмү *(миң тонна)* | **2 889** | 774 | 273% | **4 925** | 2 953 | 67% |
| Казылып алынган рудадагы алтындын орточо куррамы *(г/т)* | **3,05** | 1,89 | 61% | **3,43** | 3,51 | (2%) |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү *(миң тонна)* | **1 429** | 1 390 | 3% | **4 365** | 4 290 | 2% |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **4,01** | 1,57 | 155% | **3,79** | 3,10 | 22% |
| Алтынды бөлүп алуу пайызы *(пайыз менен)* | **80,2** | 73,4 | 9% | **81,8** | 76,4 | 7% |

(1) *Маалымат үчүн: троялык унция = 31,10348 грамм.*

(2) *«Кумтөр» кен ишканасындагы өндүрүштүн акыркы продуктысы Доре куймалары болуп саналат, алар «Кумтөр Оперейтинг Компани», «Кыргызалтын» ААКсы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн Алтынды жана күмүштү сатып өткөрүү жөнүндө макулдашууда каралгандай, «Кыргызалтын» Ачык акционердик коому тарабынан аффинаждык ишканада аны кайра иштетүү жана андан ары сатып өткөрүү үчүн сатып алынат. Тазаланган алтын менен күмүштү Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чектеринен тышкары сатып өткөрүү укугуна жалгыз «Кыргызалтын» ААКсы гана ээ.*

(3) *Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акча суммалары АКШ долларында келтирилген.*

## ОКУЯЛАР

«Центерра Голд» компаниясы Тоо-кен казып алуучу тармактардын ачыктыгын жогорулатуу демилгесине (ТКАТАЖД) кошулду. ТКАТАЖД принциптерин Кыргыз Республикасында жана Монголияда алдыга жылдыруу ишинде «Центеррага» активдүү роль таандык. Компаниянын бул өлкөлөрдө иштеп жаткан тоо-кен ишканалары ТКАТАЖД принциптерин колдоого алгандардын алгачкыларынан болушту, демилгенин нормативдери боюнча отчеттуулукка өтүштү жана «Центерранын» бөлүмдөрү иштешкен өлкөлөрдө ТКАТАЖДнын инфраструктураларын жакшыртууга өбөлгө түзүштү.

Социалдык жоопкерчилик тармагындагы иш чаралардын алкактарында өткөн кварталда «Центерра» компаниясы Кыргызстандын **27 мектебинин курулушуна жана реконструкциясына 10 миллион доллар бөлдү**.



## КУМТӨР" ДОЛБООРУ БОЮНЧА 2011-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫНДАГЫ САЛЫКТЫК ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ КОТОРУУЛАР

| 2011-жылдын 30-сентябрына карата | Миң АКШ доллары менен |
|---|---|
| Дүң кирешеге салык | 97 067,5 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 8 312,9 |
| Экологиялык төлөм | 310,0 |
| Киреше салыгы | 3 857,1 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 8 289,6 |
| Бажы төлөмдөрү | 789,6 |
| Резидент эместердин кирешелерине салыктар | 833,2 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 49,0 |
| **Жалпысынан:** | **119 508,9** * |
| *АКШ долларынын КРнын сомуна карата 30.09.2011-ж. расмий курсу* | **45,0008** |
| Төлөнгөн төлөмдөрдүн эквиваленти млн. сом менен | **5 377,996** |

**Эскертүү:** *2009-жылдын 24-апрелиндеги «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң кирешеге салыкты жана Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондусуна взносторду эсептөө үчүн база катары көрсөтүлгөн мезгилге продукцияны сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр саналат.*

* *Көрсөтүлгөн төлөмдөр «Центерра Голд Инк.» тарабынан 2011-жылдын майында акционерлерге төлөнүп берилген, «Кыргызалтын» ААКсы тарабынан алынган 30,2 млн. доллар өлчөмүндөгү дивиденддердин суммасын камтыбайт.*

"КУМТӨР" КЕН ИШКАНАСЫНДА ӨНДҮРҮЛГӨН АЛТЫН "КУМТӨР ОПЕРЕЙТИНГ КОМПАНИ", "КЫРГЫЗАЛТЫН" ААКСЫ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДА ТҮЗҮЛГӨН АЛТЫНДЫ ЖАНА КҮМҮШТҮ САТЫП ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУДА КАРАЛГАНДАЙ, "КЫРГЫЗАЛТЫН" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ ТАРАБЫНАН АФФИНАЖДЫК ИШКАНАДА АНЫ КАЙРА ИШТЕТҮҮ ЖАНА АНДАН АРЫ САТЫП ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН САТЫП АЛЫНАТ. АФФИНАЖ- ДАЛГАН АЛТЫНДЫ ЖАНА КҮМҮШТҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАНА АНЫН ЧЕКТЕРИНЕН ТЫШКАРЫ САТЫП ӨТКӨРҮҮ УКУГУНА «КЫРГЫЗАЛТЫН» ААКСЫ ГАНА ЭЭ.

## 2011-ЖЫЛГА ПРОГНОЗ

«Кумтөр» кен ишканасында 2011-жылы алтын өндүрүүнүн көлөмү 580-600 миң. унцияны (18 – 18,7 т) түзүүгө, башкача айтканда алгач пландаштырылгандан (550 – 600 миң унциядан) ашыкча болууга тийиш.

2011-жылы капиталдык салымдар 186 млн. долларды түзмөкчү. Мында өнүктүрүүгө чыгымдар 152 млн. долларды түзмөкчү; негизги фонддорду модернизациялоого 34 млн. доллар жумшалмакчы.

Өнүктүрүүгө каражаттар негизинен жети CAT 789 жүк ташуучу автомашиналарды (21 млн. доллар) жана карьердин түндүк бортун кеңейтүү боюнча иштер үчүн башка техниканы (25 млн. доллар) сатып алууга, карьердеги кыртышты ачуу иштерине даярдыктарга (54 млн. доллар) жумшалмакчы. Андан тышкары, 50 млн. долларды жер астындагы иштерге жумшоо пландаштырылууда, анын ичинен 43 млн. доллары SB зонасын жана штокверк зонасын иштетүү үчүн зарыл болгон эки жер астына түшүүчү жайлары жасоого жумшалмакчы, ошондой эле 2 млн. доллар контурлоочу бургулоого жана 5 млн. доллар – башка муктаждыктарга жумшалмакчы.

Негизги фонддорду модернизациялоого бөлүнгөн каражаттардын эң көп бөлүгү оор техниканын капиталдык ремонтуна (20 млн. доллар), калдыктарды сактоочу чарбанын дамбасын бекемдөө боюнча иштерге (5 млн. доллар), техниканы алмаштырууга жана башка муктаждыктарга (9 млн. доллар) багытталмакчы.

**Геологиялык чалгындоо иштерине чыгымдар 2011-жылы 14 млн. долларга жакынды түзмөкчү, башкача айтканда бургулоо иштеринин чектеринин кеңейишине байланыштуу мурда каралгандан көп болмокчу.**

